№3. 16-сентябрь 2019-жыл

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ

*Тил – мамлекеттүүлүктүн жана элдин түбөлүктүүлүгүн камсыздайт!*

# ТИЛ TIMES

Маалымат баракчасы



## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛГЕ 30 ЖЫЛ

«Кыргыз тили – мамлекеттүүлүгүбүздүн белгиси, элибиздин ынтымагынын, биримдигинин негизи, көөнөрбөс руханий казынабыз... Биз Кыргызстанда жашаган бардык этностордун тилин сактап, өнүктүрүү менен бирге мамлекеттик тилди, расмий тилди жана чет тилдерди мыкты билген кыргызстандыктардын жаңы муунун тарбиялашыбыз керек...»

***Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жээнбеков***




## ФПИ–КМТУ – 65 жыл

"...Бүгүнкү күндө Кыргыз мамлекеттик техникалык университети инновациялык илимий – окутуу борбору катары таанылууда жана дүйнөлүк илим – билим берүү мейкиндигине кошулуу менен бирге эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу билим берүү максатын көздөп келет..."

***КМТУнун ректору М.Дж.Джаманбаев***

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК ДӨӨЛӨТҮ




Ар бир этнос өз эне тилин ыйык жана касиеттүү деп эсептейт, анткени, ал эненин сүтү менен келет.

Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн атын берген. Мамлекеттүүлүк мамлекеттик тилден башталат. Кыргыз тили – өлкөнүн жүрөгү.

Советтик-тоталитардык коомдо жүргүзүлгөн кайра куруу саясатынын шаңшарапаты менен кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары макамга ээ болушу даңазалуу окуя болгон. Ал өз алдынча эгемендүү мамлекетти куруунун ишенимдүү жана чечкиндүү кадамына жол ачкан.

Кыргыз Республикасында азыр ишке ашып жаткан 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын башкы максаты – Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын мамлекеттик тилди билүүсүнө толук шарттарды түзүү.

Мамлекеттик тилди билүү Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын аруу максаты жана ыйык милдети болуп кала турган системаны түзүүгө жана аны ишке ашырууга жетишебиз деген терең ишенимдемин.

Бүгүнкү күндө бардык бийлик бутактарында күчтүү мамлекеттик тил саясаты бышып жетилди. Ал өлкөдөгү тилдик жана маданий көп түрдүүлүктү өркүндөтүүгө жана улуттар аралык диалогго, баарлашууга өбөлгө болот.

Албетте, тил зарылчылыктардын системасынан турат. Эл аралык стандартка негизделген "Кыргызтест" системасы мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерден сынак алууну жүргүзүп жатат. Ошентип, мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтеринин тармактарында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн пайыздык катышын чечкиндүү түрдө өркүндөтүүгө негиздер пайда болот.



Азыр тил коргоого эмес, колдонууга муктаж. Биз бул тилекке сөзсүз жетебиз, анткени бизде эрк да, каалоо да, жалпы элдик колдоо да бар.

Байыркы кыргыз эли тилден баштап мамлекетке чейинки өздөрүнүн пассионардык күч-кубатын, энергиясын кийинки муун-урпактарга үзгүлтүксүз жана дамамат өткөрүп келген.




«Улуттун өзүнө тиешелүү, ичинен өнүккөн руху бар, ошол рухтун өзгөчөлүгүн сыртка чыгарып, сактап, урпактан-урпакка берүүчү күч - тил» деп XIX кылымда жашап өткөн немец тилчи-окумуштуусу, акын жана философ В.Гумбольдт эне тилинин маанисин илимий негизде далилдүү, айкын белгилеп өткөн экен. Тил аркылуу элдин руханий космос-ааламын, интеллектуалдык күч-кубатын, кайрат-демин, дарман-алын ар тараптан андап-түшүнүп, таанып-билүүгө болот. Чындыгында эле, эне тил - улутка болгон тиешелүүлүктүн, таандыктыктын жана иденттүүлүктүн фундаменталдуу өзөгү.



Азыр эгемендүү, азат өлкөбүз маалыматтын чагылгандай тез тараган доорунда бир айылдай эле болуп калды. Андыктан, кыргыз тилин маалымат технологияларынын кубаттуу ташкынселинен обочолонтпой, коомайлантпай, анын агым-шарына канчалык тездик менен аралаштырып, жуурулуштуруп кете алсак, анда тил заманбап өркүндөөнүн ааламдык мезгили менен мейкиндигине жалгашат. Учкул заманда эне тили өз ордун таап, заман менен тең арымдасын десек акыл-ойдун багытын гана эмес, максаттуу уюшулган өжөр эмгекти жасалма интеллектке, башкача айтканда, маалыматтык технологиялардын акылкөөнүнө, ой-санаасына, эси-дартына кыргыз тилиндеги маалыматтарды күргүштөтүп күрдөөлдүү киргизүү кажет.

Мамлекеттик тил – өлкөнүн бirimдиги менен бүтүндүгү, ар намысы менен абийири, улуттук идеологиясы менен стратегиясы, туруктуулугу менен түбөлүктүүлүгү жана мамлекеттин тарыхый тагдыры жөнүндөгү фундаменталдуу баалуулук.

***Назаркул Ишекеев,*** *Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор*

# КМТУда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” КР Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата өткөрүлгөн иш-чаралар

## Мамлекеттик тилге 30 жыл

Быйыл кыргыз тилинин мамлекеттик деген макамга ээ болушуна 30 жыл толот. 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССРнин Жогорку Совети “Мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамды кабыл алган. Мына ушул 30 жыл ичинде мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө болгон бир топ аракеттер жасалды. Айрым эмгектер ийгиликтүү ишке ашып, жакшы жемишин берип келүүдө.

Университет тарабынан, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тили жөнүндөгү” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасында “2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасына” байланыштуу укуктук-ченемдик актыларды ишке ашырууда бир топ алгылыктуу иш-аракеттер жүргүзүлүп жатат. КМТУнун профессорлору, окумуштуулары жана окутуучулары өлкөнүн өнүгүүсүнө, мамлекеттик



тилдин өркүндөп-өсүшүнө зор салым кошуп келишүүдө. Талыкпаган эмгектин артында чоң ийгилик болоору анык эмеспи. Бири инженердик билим берүү жана так илимдер боюнча кыргыз тилинде китеп жазып, бири китептерди орусчадан кыргызчага которуп, бири университетте жүргүзүлүп жаткан тийиштүү иш кагаздарды мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн натыйжалуулугун арттырууда, дегеле тынбай эмгектенүүнүн үстүндө. Ошондой эле, ата-бабаларыбыздан калган сармерден, ыр кесе ж.б. маданий иш-чаралар өткөрүлүп турат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүүгө жана тил саясатын өркүндөтүүгө кошкон зор салымы үчүн университетибиздин жамааты, ректору, проректорлору жана эже-агайларыбыз Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын Ардак грамоталары жана “Кыргыз тили” мамлекеттик төш белги, ыраазычылык каттар менен сыйланып турушат.

Ошондой эле, 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата пландаштырылган иш-чараларды өткөрүү жана 2019-2020-ж.ж. пландаштырылган иш чаралар жөнүндө жыйындар өткөрүлдү. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, тил саясатын өркүндөтүү боюнча иш-чаралардын аткарылышы жана университетте жүргүзүлүп жаткан тийиштүү иш кагаздарды мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн натыйжалуулугун арттыруу, мурда жүргүзүлүп жаткан иштер күчөтүлгөн багытта көзөмөлгө алынуусу каралды.

***Кубанычбек к. Бегимай***

## Ар бир элдин тили - адамзаттын жалпы рухий кенчи

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия жана КМТУ тарабынан “**Мамлекеттик тил санариптештирүү доорунда”** аталышында республикалык илимий - тажрыйбалык конференция болуп өттү. Конференция Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын аткарылышын камсыз кылуу максатында жана “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” КР Президентинин Жарлыгын аткаруу үчүн уюштурулду.



Бул иш-чарага КР Президентинин Аппаратынын, КР Өкмөтүнүн Аппаратынын, КР ББжИМдин өкүлдөрү, билим берүү уюмдарынын жетекчилери жана жалпы эле жарандык коомдун, интеллигенциянын өкүлдөрү, студенттер катышышты. Ошондой эле Кыргызстандагы ТОМЕР түрк тилин үйрөтүү борборунун мүдүрү Ахмед Гозүбол, Кыргызстандагы Конфуций институттарынын директору Джан Щи-Цай, Анадолу лицейинин директору Мустафа Йылмаз жана башкалар келишти. Жалпысынан конференцияга 500 жакын адам катышты.

Конференциянын официалдуу бөлүгүнө чейин Эл аралык эне тил күнүнө карата университеттин Борборлорунун жана тиешелүү кафедраларынын көргөзмөлөрү жана презентациялары көрсөтүлдү.

Конференциянын жүрүшүндө учурдагы ааламдашуу доорунда өлкөбүздөгү мамлекеттик тилдин чөйрөсүн кеңейтүү, зарылчылыгын жакшыртуу маселелери кеңири талкууланып, аларды чечүүдө санариптештирүү жана инновациялык технологияларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү сунуштары каралды.

## “Сабаттуу бол” өнөктүгү расмий жыйынтыкталды

2019-ж. 15-майында республика боюнча өткөрүлгөн “Сабаттуу бол” өнөктүгү расмий жыйынтыкталып, Бишкек шаары боюнча жат жазууда эң жакшы баага татыган катышуучуларды сыйлоо аземи 24-майда А.Осмонов атындагы Кыргыз улуттук китепканасында өткөрүлдү.

Бул иш-чараны “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” КР Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү, мамлекеттик тилде туура, сабаттуу жазууга




багыт берүү максатында КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия өткөрдү.

Жазуусу “5”ке бааланган 63 катышуучуга Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын атайын дипломдорун жана сыйлыктарын төрага Назаркул Ишекеев жана Жогорку Кеңештин депутаты Чыныбай Турсунбеков тапшырып, куттукташты. Сабаттуу жазган катышуучу жеңүүчү деп табылып, диплом менен сыйланышты. КМТУдан “Сабаттуу бол” өнөктүгүндө өзүнүн сабаттуулугу менен үлгү болуп бере алган катышуучуларды куттуктайбыз!

1. Азисова Мунара – “Коомдук тамактануу азыктарынын технологиясы” кафедрасынын улук окутуучусу.
2. Рысбекова Дилбар – Кыргыз тил кафедрасынын улук окутуучусу.

# БИЛИМ САПАТЫ – ӨНҮГҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ

Кыргыз тил кафедрасынын улук окутуучусу **А. Б. Саякбаева** КМТУнун 65 жылдыгына карата «Политех-инженердик окуу жайлардын флагманы» аталышындагы ачык сабак өткөрдү. Сабакта келтирилген мисалдардын жана тексттердин негизинде жаштарды өз окуу жайынын тарыхын билүүгө, улуулардын эмгектерин сыйлоого тарбиялоо сабактын максаты болду.




Технологиялык факультетинин "Консервалоо технологиясы" кафедрасынын ага окутуучусу Н.Б. **Алымкулова ОПБда СУКМб-1-17** тобунун студенттерине "Консервалоо технологиясында колдонулуучу техникалык терминдер" аталышындагы ачык сабак өттү. Студенттерден тышкары мамлекеттик тил бөлүмүнүн адистери жана кафедранын мугалимдер жамааты катышышты.

Сабактын негизги максаты консервалоо технологиясында колдонулуучу техникалык терминдер менен тааныштыруу болду. Азыркы учурдагы техникалык багыттагы терминдердин аталышы жана которулушу боюнча маселелер талкууланды. Консервалоо өнөр жайынын өнүгүп өсүүсүнүн негизги шарттарынын бири өндүрүшкө илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин жайылтуу боюнча маалыматтар айтылды. Студенттер менен биргеликте Консервалоо технологиясында колдонулуучу техникалык терминдерди, аныктамаларды талкуулап, сабак техникалык жабдуулардын жардамы менен өтүлдү. Кафедранын доценти Д.А. Коджегулова студенттерди теориялык алган билимдерин практика менен айкалыштырууга үндөдү; тандап алган кесибин сүйүүгө; студенттерди инсандык-кесиптик сапаттарын калыптандыруу боюнча сунуштарын жана каалоолорун билдирди.

Сабактын жыйынтыгы боюнча студенттер өздөрүнүн ой-пикир, сунуштарын билдиришти. Студенттер техникалык терминдерди, аныктамаларды талкуулашып, суроо-жооп ирээтинде сабак кызыктуу өттү.

**Инженердик-экономикалык факультетинин** "Менеджмент" кафедрасынын Мен-1-16 тайпасына улук окутуучу **Риферт Кристина Петровна** тарабынан кыргыз тилинде ачык сабак өткөрүлдү, тайпанын көпчүлүк бөлүгүн орус тилдүүлөр түзөт, тагыраагы: орус, азербайжан, уйгур, корей, немец, пакистан, балкар улутунун өкүлдөрү.

Практикалык сабактын темасы



«Башчылык» студенттерге берилген суроолорго кыргыз тилинде жооп берүүгө, презентация жактоодо, топту түзүүгө жана лидерди аныктоодо, бири-бири менен пикир алмашууда мамлекеттик тилди колдонууга мүмкүнчүлүк берди. Кыргыз тилин билүү жана аны ишкердик чөйрөдө колдонуу топтун ишинде алгылыктуу жыйынтыктарды берди.

<u>**"Өнөр-жай экономикасы"**</u> кафедрасынын доценти, э.и.к., **Архангельская А.В. "Жаратылыш ресурстарын пайдалануу экономикасы"** сабагынан «Жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоону мам-



лекеттик жөнгө салуу" темада лекция өткөрдү. Лекцияда туруктуу салык системанын алкагында жаратылыш ресурстарын пайдалангандык үчүн төлөм системасын өркүндөтүү; жаратылыш ресурстарына экономикалык баа берүү жана жаратылыш ресурстарын пайдалануунун көлөмү үчүн акы төлөө өлчөмүн аныктоо, аны сактоо; жаратылыш ресурстарын өндүрүү жана жаратылыш ресурстарын сактоо үчүн максаттуу программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруу жана башка темалардын алкагында студенттерге кызыктуу лекция тартуулады.

---

**Мамлекеттик тил боюнча III студенттик олимпиада өткөрүлдү**

2019-жылдын 19 - апрелинде Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайлары арасында мамлекеттик тил боюнча студенттик олимпиада болуп өттү. Олимпиада **"Кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусун алгандыгынын 30 жылдыгына"** арналды. Олимпиадага Бишкек шаарынын ЖОЖдорунда окуган 1-курстун бардык факультеттеринин студенттери катышты. Олимпиада КР ББжИМ, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы жана Ж.Баласагын атындагы КУУ тарабынан биргеликте уюштурулду.

Олимпиаданын ачылышында Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Н.Ишекеев куттуктоо

## ЭНЕ ТИЛИМ – КӨӨНӨРБӨС ДИЛИМ



сөзүн сүйлөп, катышуучуларга ийгилик каалады. Олимпиадага катышкан Бишкек шаарынын жогорку окуу жайларынын 1-2-курсунун студенттери эки багыттагы сынактан өтүштү.

Жазуу ишинде жазуу чеберчилиги, теманы ача билүүсү, сабаттуулугу, тил байлыгы жана ой жүгүртүүсү бааланса, ошол эле катышуучунун көркөм окуусунда тандалган чыгарманын маани-мазмуну, аткаруу жөндөмү, даярдыгы ж.б. ар тараптан каралып баа берилди. Долбоорду коргогон студенттерди баалоодо сүйлөө речинин тактыгы, долбоордун маани-мазмуну, заманбап маселелердин камтылышы, реалдуулугу ж.б. эске алынды. Жыйынтыгында университеттин атынан ЭТИнин ИТСС-3-18 тобунун студенти Джунусалиев Назарбек Джалалбекович 3-орунга ээ болуп, тастыктама алды.

Ал эми УжМКФтин АТПП-1-18 тобунун студенти Насирова Элиза Насировна кызыктыруучу сыйлык менен сыйланды. Жалпысынан катышуучулар билим деңгээлин, жөндөмүн, дараметин, даярдыгын ар тараптан көрсөтө алышты.

# КЫРГЫЗ ТИЛИМ – КЫРГЫЗЫМ ҮЧҮН ЖАРАЛГАН

***“...Тилди сактоо – элди сактоого, тилди өнүктүрүү – элди өнүктүрүүгө тете. Эгер, биз эне тилибизди сактап калабыз десек, ага ар тараптан кам көрүү менен бирге эле, ар бирибиз эне сүтүбүз менен бирге жаралган эне тилибизге чын дилибиз менен аяр мамиле жасообуз абзел”***


23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнү. Мындан туура 30 жыл мурун, тактап айтканда, 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети “Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамын кабыл алып, андан соң кыргыз тилине Мамлекеттик тил макамын берген. Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.

30 жыл ичинде мамлекеттик тилибиз канчалык өнүгүп өстү, кандай ийгиликтерге жетишти, анын баарын ар кимиси ар кандай иликтеп, өз баасын беришээр. Жеке менин баамымыда Кудайга шүгүр, дээрлик аракеттер болууда. Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиябыз көптөгөн иштерди жасоого аракет кылып жатышат. Бирок тилибиз гүлдөп, өнүгүп өсүп, мамлекеттик тил деген статусуна толук жооп берип жатат дегенден азыраак алысмын. Ошого карабастан буга да тобо дейли. Жасалган иштерден жасай турган иштер өтө арбын. Анын баарына жапа тырмак аракет, бир сөз менен айтканда так иштелип чыккан мамлекеттик саясат керек.

Залкар жазуучубуз Ч. Айтматов: «Кылымдан кылым өтүп, кыргыз эли жер үстүндө жашап турса, кыргыз тили да жашай берет» – деп, абдан туура, таамай айткан. Кыргыз тили — Кыргыз Республикасынын негизги калкынын, кыргыз улутунун тили. Ырас, эне тилибизди сүйүү ар бир атуулдун адамдык парзы, б.а. эне тилибиз кан - жаныбыз менен кошо бүткөн, боор эт менен тең, эч нерсе менен алмаштыргыс ыйык дөөлөтүбүз, сыймыгыбыз.

«Маданияттын биринчи баскычы эне тилинде жакшы сүйлөө жана жана туура жаза алуудан башталат» - деген түрк философу Пейами Сафа. Өз тилибизди туура, так сүйлөө, жазуу менен мекенге, элге, тилибиздин өнүгүүсүнө кызмат кыла алабыз. Өз тилибиз өнүккөндө карапайым элдин ой чабыты өнүгөт, кеңейт.

30 жыл ичинде эне тилибиз мамлекеттик тил макамын алгандан бери кандай тарыхты басып өттү? Бир убактарда өлкөбүздүн калкынын 70 пайызынан көбүрөөгү мамлекеттик тилде сүйлөй алганына карабастан, республиканын бардык шаарларында, райондордун борборлорунда балдарды кыргыз тилдүү мектептерден орус тилдүү мектептерге которуп окутуу тенденциясы күч алгандыгына күбө болгонбуз. Жада калса, кечөдө эмес, кыргыз мектептеринде кыргыз балдары окуу процессинин танапистеринде эне тилинде сүйлөгөндөн уялышып, тили келбесе да, орусча сүйлөшүп жаткандарын деле көрүп келгенбиз. А бирок, ал тенденция бүгүнкү күндө басаңдап, тескерисинче борбор калаабызда шаардык айрым ата-энелер балдарын кыргыз мектептерине берип, эне тилибизде таза сүйлөөгө, ошол эле учурда башка тилдерди дагы үйрөтүүгө шарт түзүп берип жаткандарын дагы айтпай коюуга мүмкүн болбостур.




Учурда бир эле эне тилин билүү жетпейт, орусча, англисче же башка чет тилди билүү, сүйлөө негизги өзгөчөлүк эмес. Маданияттуу жана билимдүү болуунун да бир критерийи эмес. Ал болгону зарылдык. Эне тили менен кошо башка тилдерди жана компьютерди билгенде гана иш табууга болот. Бул бизге окшогон кичинекей өлкө атуулдары үчүн талашсыз бир шарт.

Республикабызда иш кагаздардын көпчүлүгү алгач расмий тилде даярдалып анан мамлекеттик тилге которулат. Мамлекеттик тилде жазылган иш кагаздары «котормо тилде жазылган» деп айтсам жаңылышпайм. Аны ким которот, адиспи же башкабы, айтор бир Кудайга белгилүү. Эне тилибиздин түшүнүксүз, супсак, чогоол болуп калышына ушул нерсе да таасирин тийгизип, иш кагаздардын стили сакталбай, терминдер чаржайыт болуп, андай документтерге жөн жай жарандар эмес адистердин түшүнүшү да кыйын. Демек, иш кагаздар алгач жакшынакай сөздөр менен кыргыз тилинде даярдалып, анан расмий тилге же башка тилдерге которулганда гана жеткиликтүү болмок деп ойлойм. Антпесек эне тилибизди мамлекеттик тил деп канчалык төш какканыбыз менен эч нерсе чыкпайт.

Биринчи кезекте мектеп, ата-эне адамдын кеп маданиятын калыптандырат, анын сөз корун түзүп берет. Жогоруда айтылгандай балдарын орус мектептерге берүү тенденциясы басаңдагандай көрүнгөнү менен айрым учурда расмий жазылыштардагы жана туура айтылышынан ката кетирилген кемчиликтердин бир-экөөсүн көргөзүп койсок ашыкча деле болбостур. Мына, көчөлөрдүн аты жазылган көрнөктөрдү алалычы. Акчаны үнөмдөшкөнүгө, бир эле тактага орусчасын дагы, кыргызчасын дагы жазышат. Жөн жазбай, бири-бирине улап, укчаштырып жазышат. Мисалы, «Улица Лермонтова көчөсү», «Улица Баха көчөсү», «Улица Московская көчөсү». Ушундан улам азыркы кыргыз жаштары «Лермонтова көчөсү», «Баха көчөсү», «Московская көчөсү» деп тантырап калды. Лермонтов көчөсү, Москва көчөсү же Бах көчөсү деп туура сүйлөгөн жаштарды аз кездештиребиз. Айрыкча коомдук транспорттордо кетип бара жатканында таза эле кыпкыргыз балдарыбыздын «Тыныстановадан», «Исановадан», «Абдрахмановадан», «Ахунбаевадан», «Малдыбаевадан токтотуп коёсузбу» деп кайрылышкандарынан улам таң калбай да койбойсуң…Же биздин жаштардын логикасы аял менен эркекти ажырата алышпайбы? Же бүгүнкү күндө коомдо кеңири жаргонго айланган «элиталарды» эмес, а аты аталган чыныгы биздин залкар элиталарыбыздын фамилиясын туура аташса ал эмне орусчаны билбегенге жатабы? Же модадан калган болобу? Ушундай эле дагы бир мисал келтирейин. Кийинки күндөрдө коомчулукта «халал», «харам», «машаллах», «иншаллах» жана башка ушуга окшош сөздөр лексикабызда да кеңири орун алып баратканстйт. Бул сөздөрдүн кыргыз лексикасынын адабий нормасында «адал», «арам», «Кудайым сактасын», «Кудайыма ыраазымын» деп эле колдонуп келгенбиз. Айтылган сөздөрдүн адабий нормада так мааниси болбосо бир жөн эле. Эмне үчүн минтип өзүбүздүн тилибизде эле сүйлөбөй, эне тилибизди эсирип чандык? Же бул сөздөрдү кыргызча маанисинде колдонсок динибизди чанган болобузбу?

Анан дагы ушундай каталардын кетирилип жатканы аз келгенсип, жаштар уюлдук телефондордон, интернеттерден бири-бирине билдирүү, кабар жөнөтүүдө колдонгон кыскартылган жана ката жазылган «сленг» сөздөр көбөйдү да, «ушундай жазса деле боло бере турганы тууралуу» жаңылыш ой жана кайдыгерлик пайда болду. Тилекке каршы ошол сленг сөздөр жана бузук тил коомдо орун алып, кеңири жайылып келе жатат.

Улут катары кыргыз өзү силкинип тирилбесе, намыстанбаса, сырттан эч ким келип, тилиңерди эстегиле дебейт.

Ошондо да, кылымдан кылым өтүп, акын Шайлообек агайыбыз айткандай, «Кыргызым» деп жулунганы менен, бир ооз кыргызча билбеген «маңкурт» кыргыз эмес, руху, духу таза кыргыз жашап турса гана кыргыз тили жашап турмагын эстейли.

“Кыргыз тил барда, кыргыз бар” дегендей, ата-бабалардан бери карай бөксөрбөй сакталып келген эне тилибиздин келечек тагдыры элибиздин келечек тагдыры менен жипсиз байланган. Тилди сактоо – элди сактоого, тилди өнүктүрүү – элди өнүктүрүүгө тете. Эгер, биз эне тилибизди сактап калабыз десек, ага ар тараптан кам көрүү менен бирге эле, ар бирибиз эне сүтүбүз менен бирге жаралган эне тилибизге чын дилибиз менен аяр мамиле жасообуз абзел. Ал эми, сөзүмдү жыйынтыктап жатып, эне тилибиз эне сүтүндөй таза, ширин болуп, чечендин таңдайын сайратып, баатырдын маңдайын жаркытсын. Биздин ар бирибиздин биринчи улуттук белгибиз катары көөнөрбөй көкөлөп, кылымдарды карыта берсин демекчимин!

***Жумагул кызы Айнура – кыргыз тили кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент***

# ФПИ-КМТУ- 65 ЖЫЛ

***"...Бүгүнкү күндө Кыргыз мамлекеттик техникалык университети инновациялык илимий – окутуу борбору катары таанылууда жана дүйнөлүк илим – билим берүү мейкиндигине кошулуу менен бирге эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу билим берүү максатын көздөп келет..."***



Университеттин 65 жылдык тарыхы толуу өлкөбүздүн бардык тарыхый өзгөрүүлөрү менен тыгыз байланышта. Биздин окуу жай согуштан кийинки оор шартта, учурда да өз милдетин абийирдүүлүк менен аткарып ушул кыска убакыт ичинде өлкөнүн гана эмес, Орто Азияда эң алдыңкы инженердик жогорку окуу жайы катары өзүнүн миссиясын татыктуу аткара алды деп ишенимдүү түрдө айтсак болот. Университет жогорку квалификациялуу инженердик техникалык жана инженердик-экономикалык багыттагы адистерди даярдап чыгаруу менен бирге өлкөнүн жана коомдун өнүгүшүнө өзүнүн салымын кошуп келет. Биздин бүтүрүүчүлөр: инженерлер, окумуштуулар, өндүрүштүн уюштуруучулары, ишкерлер, куруучулар өндүрүштүн бардык тармактарында ар түрдүү объектилерди тургузуп, үйлөрдү, фабрикаларды, заводдорду, шахталарды курушкан; унаа, жеңил өнөр жайына, кайра иштетүү өндүрүшүнө, тамак-аш өнөр – жайына, маалыматтык системаларга өзгөчө технологияларды иштеп чыгып киргизген жана окуу жайыбыз СССРдин алдыңкы катардагы техникалык жогорку окуу жайларынын катарына кирген.

ФПИ-КМТУ басып өткөн 65 жылга кайрылсак, согуштан кийинки оор шартта техникалык инженердик кадрларын даярдоого бел байлаган азаматтарды эскеребиз. Окуу жайды түптөгөн, анын даңкын Советтер Союзунун учу-кыйырына жеткирген улуу муундун өкүлдөрүнө ыраазычылык билдирүү менен, алардын интеллектуалдык көрөңгөсүнүн натыйжасында түптөлгөн салттуулук, постсоветтик өтө кыйын мезгилде да жок болуп кетпестен сакталып, бүгүнкү күндө да улантылып жана республикада инженердик билим берүүнүн флагманы катары эсептелип жатканын сыймыктануу менен белгилей кетүү абзел. Кыргызстанда биринчи инженердик ЖОЖду ачууга демилгечи болгон көрүнүктүү саясий жана мамлекеттик ишмер, кыргыз элинин чыныгы патриоту Исхак Раззаковго жана инженердик билим менен илимдин анык жолун жолдогон окуу жайдын биринчи ректору Г.А.Сухомлинов жана анын замандаштарына терең таазим кылабыз.

Бүгүнкү күндө Кыргыз мамлекеттик техникалык университети инновациялык илимий – окутуу борбору катары таанылууда жана дүйнөлүк илим – билим берүү мейкиндигине кошулуу менен бирге эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу билим берүү максатын көздөп келет. Жыл өткөн сайын инженердик кесипти тандагандардын саны өсүүдө жана ошону менен бирге университеттин материалдык-техникалык базасы жакшыртылып, инновациялык технологиялар менен окутуу киргизилип, электрондук китепкананын көлөмүн жогорулатуу маселелери коюлуп, бүтүрүүчүлөрдү иш менен камсыз кылуу максатында ишканалар менен байланыштар бекемделип келүүдө. Азыркы учурда университетте жалпысынан 14 миңге жакын студентке бакалавриат жана магистратура программалары боюнча 78 багытта жана 16 кесиптик орто билим берүү боюнча окутуу жүргүзүлөт.



Учурда университеттин өнүгүүсүнө ааламдашуу жараяндары да таасирин тийгизбей койбойт, бул жаатта биз эл аралык ишмердүүлүккө басым жасап, Европа жана Россиянын, Туркиянын алдынкы университеттери менен биргелешкен билим берүү программаларын жана илимий-изилдөө иштери боюнча кызматташууну күчөтүү менен бирге академиялык мобилдүүлүктү алдыга жылдырууга өзгөчө басым жасап келебиз. Бул багытта биз Кыргыз-Россия техникалык университеттеринин Консорциумунун алкагында жана Кыргыз-Герман техникалык институтунун жетишкендиктери менен сыймыктанабыз.



Маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялардын өнүгүшү, рыноктук атаандаштык жана экономиканын санариптештирүүсү келечекте тез арада кыска мөөнөттө маанилүү маселелерди чечүүнү милдеттендирет.

Бүгүнкү күндө төмөнкү олуттуу маселелердин үстүндө иш жүргүзүүдөбүз: ар түрдүү багыттар боюнча англис, немис, кытай тилдеринде окутулуучу студенттик топторду түзүү жолу менен чет өлкөлүк студенттерди тартуу; информатика, химия, физика, математика жана орус тили боюнча даярдоо окуу курстарын ачуу; бардык даярдоо багыттары боюнча окутулуучу сабактарды жана лабораториялык практикумдарды жалпы санариптештирүү; адистерди даярдоо схемасын мындан ары жакшыртуу "билим берүү - илим – билимди коммерциализациялоо - өндүрүш " Студенттердин илимий-изилдөө иштерин жана студенттик конструктордук уюмдарын жандандыруу.

КМТУнун миссиясы – Кыргызстандын жетектөөчү техникалык жогорку окуу жайынын ролун чындоо аркылуу жалпы улуттук техникалык маданиятты сактоо жана өнүктүрүү, инновациялык көз караштагы компетенттүү адис-инженерлерди даярдоо.

Биздин жамаат – мындан ары да окуу жайдын өсүп-өнүгүүсүнө салым кошууга даяр жана мезгил талабына толук жооп бере ала турган чыныгы кесипкөйлөрдүн тобу. "Политех" келечекте да өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө зор салым кошо турган, талапка ылайык жогорку сапаттагы инженер-адистерди даярдай ала турганына терең ишенем.

***КМТУнун ректору проф. М.Дж.Жаманбаев***

# 65 ЛЕТ – ЭТО МНОГО ИЛИ МАЛО?



ФПИ-КГТУ – за эти годы прошел несколько вех – становление, развитие, постоянное совершенствование. В 1954 году раскрылись двери первого в республике вуза для получения технического образования, которым руководил незабываемый наш первый ректор - Сухомлинов Г.В. Маленький вуз, включающий в себя только 2 факультета – горнотехнический и строительно-энергетический. Принял первых 350 абитуриентов, которые стали студентами нашего Политеха. Преподавательский состав насчитывал 31 человека, среди которых были 4 кандидата наук. Уже в эти годы Политех стал наращивать свою мощь: уже к 1959 году в его составе насчитывалось 5 дневных факультетов. Появилось возможность обучаться без отрыва от производства в связи с открытием вечернего факультета. В эти годы остро встал вопрос о подготовке высококвалифицированных кадров, в которых так нуждался Политех! И уже в 1965 году преподаватели Политеха начали повышать свою квалификацию через обучение в аспирантурах и докторантурах ведущих ВУЗов СССР.



С каждым последующим годом ФПИ расширялся, приобретая неоспоримый авторитет в Средней Азии. И к 20-летнему юбилею в 1974 году - это был огромный вуз, в котором обучалось 13 тысяч студентов, в составе которых были представители Узбекистана, Таджикистана, Туркмении, обучающиеся по кооперированному набору. Эти студенты, получившие техническое образование несли свои знания в соответствующие отрасли своих республик, поднимая последние на более высокий уровень.

Особо хочется отметить 70-80-е годы, когда наш Политех стал одним из лучших ВУЗов огромной страны – СССР. Это было время развития, совершенствования материально-технической базы. И "за достигнутые успехи" в 1988 году был награжден Переходящим Красным знаменем ЦК КПСС, Президиума Верховного Совета СССР, ЦК ВЛКСМ и ВЦСПС с присуждением первого места в социалистических соревнованиях среди многих вузов страны технического профиля, - и за всеми этими успехами стоял наш кумир – великий труженик Политеха Журавлев Владимир Михайлович.

На смену этой эпохе возрождения, развития и совершенствования - пришло новое время – время распада страны (СССР), время упадка интеллектуальной составляющей нашего Политеха. Но, несмотря на издержки этого сложного периода и для нашей республики в целом – Политех ( и это уже Бишкекский политехнический институт, и КНТУ) Политех начал постепенно возраждаться, не забывая традиции прошлых лет! И вот Политех – уже в новом статусе – Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова – не остановившийся на пути развития, а набирающий быстрые темпы в области науки, международных связей, получения грантов, организации научных стажировок в дальнем и ближнем зарубежье; образование Российско-Кыргызского Консорциума технических университетов, объединивших в своем составе ряд университетов России и Кыргызстана, получение полноправного членства интеграционных объединений (Ассоциация технических университетов стран Балтии и СНГ, Ассоциация университетов Центральной Азии), привлечение иностранных студентов, дальнейшее развитие страны образовательных услуг, сегодня – это признание КГТУ в образовательном пространстве СНГ и за рубежом!

Сегодня КГТУ им. И.Раззакова – это более 13 тысяч студентов, 1200 преподавателей и научных сотрудников, среди которых более 50 докторов и 300 кандидатов наук; это – развитая спортивная база, огромная научно-техническая библиотека, это 5 факультетов, 4 института, 4 филиала КГТУ.

Так держать – Политех - КГТУ им.И.Раззакова!

***Кочнева С.В. – к.т.н., профессор***

## ПРОДОЛЖАЯ СЛАВНЫЕ ТРАДИЦИИ ПОЛИТЕХА!

В этом году мы отмечаем 65-летний юбилей нашего славного Политеха! В этой связи в университете проводятся ряд мероприятий. Помимо официальной части мероприятий, студенты и преподаватели приняли участие на марафонском забеге, посетили дом-музей И.Раззакова, выставки, театр оперы и балета и другие достопримечательности Кыргызстана.

Продолжая традиции Политеха, в целях воспитательной работы и патриотического духа, а также пропаганды активного здорового образа жизни, чтобы вдохнуть новые нотки в студенческую жизнь, и привлечь будущих абитуриентов были организованы экскурсии на каньоны.

Современный студент проводит большую часть времени пассивно, сидя за компьютером, айфоном или за телевизором, что негативно сказывается на его здоровье.

Активный отдых на природе - лучший вариант для полезного и интересного выходного дня. Также это возможность забыть о повседневных проблемах, получить новые яркие впечатления, завести друзей и получить немалую пользу для здоровья. Как провести время на природе с пользой?

Наши студенты выбрали каньоны Конорчек - идеальный «поход выходного дня». По своей красоте они не уступают пейзажам из легендарного фильма «Золото Маккены». Они имеют сходство с развалинами древних городов, замков, современных небоскребов. Они формировались несколько миллионов лет под воздействием воды и ветра, образовывая постепенно плоскогорье в гигантские каменные колонны. Затем посетили озеро Иссык-куль, зарядились энергией и позитивом до лета!

Откройте для себя новые виды досуга, и вы получите яркие впечатления в любое время года. Красивые воспоминания останутся на ярких студенческих фотографиях, которые можно показать друзьям.



# ФПИ-КМТУ- 65 ЖЫЛ

## ФПИ-КМТУнун 65 жылдыгына арналган маарекелик иш-чаралардан кыскача маалымат

**17.05.-** КМТУнун 65 жылдык маарекесине улай инженердик-экономикалык факультетинин «Менеджмент» кафедрасы өзүнүн 20 жылдык маарекесин белгиледи. Юбилейлик иш-чаранын башталышында **«Билим берүүнүн сапаты - иш берүүчүнүн көзү менен"** аттуу тегерек стол болуп өттү.



**19.05** - Транспорт жана унаа куруу факультети бүтүрүүчүлөрдүн жолугушуусун уюштурду. Бул иш – чаранын максаты - бүтүрүүчүлөрдүн арасында тажрыйба алмашуу, ошондой эле кызматташтык, кадрдык саясатты жөнгө салуу болуп саналат. Студенттик жылдарды айтып жана бири-бири менен жылуу эскерүүлөрү менен бөлүшүштү. Кесиптештер менен жолугушуп, уюштуруучуларга ыраазычылык билдиришти.



## Илимий конференциялар, тегерек столдор

**14 – 15.03** - 61-и жаш окумуштуулардын, аспиранттардын, магистранттардын жана студенттердин эл аралык тармактык илимий-техникалык **«Илимий-инновациялык технологиялар: идеялар, изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар»** аттуу конференциясы болуп өттү. Конференциянын алкагында 18 тематикалык секциялар жана 10 подсекциялар боюнча иштер жүргүзүлгөн, алардын ичинен: КМТУдан - 578 доклад, РФдан - 13 доклад, Казак Республикасынан - 2 , КРдан - 9.



**24.04. -** Кыргыз – Герман техникалык институтунун «Логистика» кафедрасы **«Логистикалык борборлор – айыл чарбасын өнүктүрүүнүн кыймылдаткыч күчү"** аттуу II эл аралык илимий-практикалык конференциясын өткөрүштү.



**27-1.06 - "Мамлекеттик органдардагы бухгалтердик эсеп»** программасы боюнча финансы-эсептешүү бөлүмдөрүнүн жана профилдик кафедраларынын кызматкерлери үчүн дасыктыкты жогорулатуу курстарын» ИЭФтин деканы, э.и.д., **Бексултанов А.А** уюштурду. Финансы-эсептешүү бөлүмдөрүнүн жана профилдик кафедраларынын кызматкерлери катышышты.



**01.05**. – 2019-жылы И.Раззаков атындагы КМТУнун ФПИ-КМТУнун 65 -жылдыгына арналган маарекелик иш-чаралардын алкагында **"ПОЛИТЕХ-65" аттуу жеңил атлетика жарышы** болуп өттү. Жарышка 800 адам, студенттер, профессордук-окутуучулук курам, кызматкерлер жана алардын балдары катышты. Аралыкты ийгиликтүү жеңип чыккан ар бир катышуучу финишердун медалын алды. Ал эми жеңүүчүлөр жаш категориялар боюнча өз-өзүнчө эркектер жана аялдар арасында аныкталды.



## «УНИВЕРСИАДА 2019» ЖАБЫЛЫШ АЗЕМИ

22-Апрель 2019 - жылы Каба уулу атындагы спорт сарайында Кыргыз Республикасынын 2019-жылкы Универсиаданын жабылышы болуп өттү. Универсиаданын жеңүүчүлөрүнө дипломдор, медалдар, баалуу сыйлыктар жана акчалай сертификаттар тапшырылды. Биздин окуу жай 2-орунга ээ болуп 55000 сом менен сыйланды. Ошондой эле, М.Ш.Шамканов Кыргыз Республикасынын "Дене тарбия жана спорт отличниги" наамы менен сыйланды.





26.04.2019 Окуу жайдын 65 жылдык маарекесине карата айлана-чөйрөнү жашылдандыруу жана жакшыртуу-көркөмдөө иштерине Жогорку Кеңештин депутаты Ж.К Турускулов катышты.



# СТУДЕНТТИК ЖАКШЫ САЛТТАР УЛАНТЫЛЫШЫ КЕРЕК



Мектепти аяктагандан кийин көпчүлүк жаштар жогорку билим алуу үчүн жогорку окуу жайларына тапшырып, окууга өткөндөрү студент болушат. Мына ушул студенттик жашоо өзүнүн ар тараптуулугу, ар кылдуулугу менен ар бир студенттин эсинде түбөлүккө сакталып калат. Окуу, сынактык сессиялар, маданий-массалык иштер, жатаканадагы жашоо, спорт, эс алуу, эмгектенүү жана башка иштерди айкалыштыруу менен беш жыл ичиндеги эстен кеткис студенттик турмушта жашап, жогорку билимге ээ болуу менен жашоонун жаңы баскычына багыт алышат. Биз дагы тээ бир мезгилдерде, 60-жылдардын аягында 70-жылдардын башында ушул политехтен билим алып, студенттик жашоону баштан өткөргөнбүз.



*У.А.Асаналиев, К.И.Исаков, К.О.Орозбаев.*

Быйыл ошол мезгилдеги ФПИ, азыркы учурдагы И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин уюшулганына туура 65 жыл болду. Мына ушул мааракелүү датага карата өзүмдүн ФПИдеги студенттик турмушумдун айрым бир эсте калган элестери менен бөлүшүп кетким келди. Албетте, бул жеке эле менин эмес, ошол кездеги студенттердин дээрлик бардыгына тиешелүү болгон жаштыктын салттуу жашоосу болуп саналат десем да болот. Ал кездеги студенттик жашоо менен азыркы мезгилдеги студенттик жашоону салыштырсак, азыр көп жагынан өзгөрдү, ошондуктан азыркы жаштар үчүн мурунку мезгил кызык болсо керек деп ойлойм.

Политехтин тарыхында көптөгөн кызыктуу жана маанилүү окуялар болуп өттү. Алардын бири ошол мезгилдеги салтка айланып калган студенттик курулуш отряддарына байланыштуу болуп саналат. Азыркы менин сиздерге айтып бере турганым да ошол өңүттө болмокчу.

Союздун убагында бардык жогорку окуу жайларында жайкы эс алуу мезгилинде студенттик курулуш отряддары түзүлүп, СССР деген чоң мамлекеттин булуң-бурчтарына курулуш иштерин аткаруу үчүн барышчу, бул ошол мезгилде салтка айланган эле. Жайкысын студент жаштар өз каалоолору менен отряд түзүп, эс алуу менен эмгекти айкалыштыруу максатында курулуш иштерине аралашчу. Бекеринен бул процесс ошол мезгилде "эмгек семестри" деп аталбаса керек.

Өзгөчө 70-жылдарда биздин политехте студенттик курулуш отряддары көп түзүлгөн эле, ага студенттер жана жаш окутуучулар тартылышчу. Мен ошол кезде ФПИни жаңы аяктап, жаш окутуучу катары студенттерге сабак берип жүргөн кезим болчу. 1972-жылы Кыргыз Республикасынын ар кайсы жогорку окуу жайларынан келген студенттерден жана жаш окутуучулардан куралган "Кыргызстан" аттуу курулуш отряды Красноярск крайындагы курулуш иштерине катышып келдик. Мен бул отрядда комиссарлык милдетти аткаргамын.

Мындай курулуш отряддары ал мезгилде СССРдин бардык шаарларында жайкысын курулуш иштерин аткарышкан. Бул биринчиден, жаштарды эмгек кылууга тарбиялоо болсо, экинчи жагынан достук мамилени өстүрүп, жаштардын интернационалдык духун көтөрүүгө шарт түзгөн. Ар кайсы улуттун өкүлдөрү менен жакындан таанышып, чогуу иштеп, алар менен болгон достук мамилелерибиз, катышып көп жылдар бою уланып келди. Ошондой эле спорттун футбол, баскетбол, волейбол, шахмат жана башка ар кандай түрлөрү боюнча отряддар ортосунда мелдештер уюштурулуп турар эле. Ал эми чоң шаарларды кыдырып, эл-жер көрүү ар бир адамдын эңсеген кыялы болот эмеспи. Биздин ушундай кыялдарыбыз ошол мезгилде уюшулган курулуш отряддарына катышуу аркылуу ишке ашкан десем болот. Себеби, эмгек менен эс алууну айкалыштырып, эмгек семестринин учурунда ар кандай тарыхый, маданий жайларга жана жаратылышы кооз жерлерге саякаттоолорду уюштуруп турчубуз.

Ошол мезгилдеги ошондой курулуш



*Сүрөттө:"Кыргызстан" курулуш отрядынын мүчөлөрү Красноярск шаарында, алдынкы катардын сол жагында Орозбаев Кылыч, ортодогу Күмөн Исаков.1992-ж.*

отряддарын бүгүнкү күнү эмнеге уюштурууга болбосун, буга эмне тоскоолдук кылууда? Менимче, эч кандай бөгөт боло турган кыйынчылыктар жок. Жөн гана азыркы студент жаштарыбыз мурунку салттарды кайра жандандырып, жаңы формада аларды уюштурса болот. Анткени, азыркы заманда мамлекетибизде мындай курулуш обьектилери, андан башка дагы иш менен алектене турган обьектилер өтө көп болуп саналат. Алар менен эмгек келишимдерин түзүп, эмгек менен эс алууну айкалыштырса, эң жакшы жөрөлгө болмок. Биринчиден, достукка, бир туугандык жана интернационалдык мамилеге, өз мекенин сүйүүгө тарбия алышмак, экинчиден, эмгекти сүйүүгө, аны коргой билүүгө үйрөнүшмөк. Ал эми үчүнчүдөн, азыркы базар экономикасында өздөрү үчүн бир аз да болсо материалдык муктаждыктарын чечип алмак, мисалы окуу акысы үчүн контракттарынын бир бөлүгүн болсо да өздөрү төлөмөк, бул ата-энеси үчүн да жакшы болмок.

Азыркы учурда өлкөбүз жаштардын ар кандай ыктыярдуу демилгелерине, идеяларына абдан муктаж болуп турган учуру. Келечек жаштардыкы дейт эмеспи, ошондуктан мен жаштардын ушундай демилгелерди көтөрүп, эгемендүү мамлекетибизди өнүктүрүп кете алат деп терең ишенемин. КМТУнун эмгек жамаатын жана студенттерин окуу жайыбыздын быйылкы белгиленип жаткан 65 жылдык мааракеси менен чын жүрөгүмдөн куттуктаймын!

**Орозбаев К.О. – т.и.к., КМТУнун профессору**

# ТИЛ – УЛУТТУН ЖҮРӨГҮ, ДҮЙНӨ ТААНУУ КҮЗГҮСҮ



Тил ар бир улуттун өзгөчөлүгүн, үрп-адатын, турмушта жашоо өзгөчөлүгүн, каада-салтын, тарыхын чагылдыруучу, туюнтуучу, түшүндүрүүчү сөз түркүмдөрүн камтыган өзгөчө процесс. Ар бир улут өзүнүн тили менен өз ара сүйлөшкөндө жүрөгүнө кубаныч толуп, бири-бирин туура түшүнүшүп, ой жүгүртүүсү тез болуп, рахат алышат.

КР Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиясынын төрагасы **Н.Ишекеевдин** макаласында белгилегендей, **«Заманга жараша - амал»** дегендей, эгер биз эне тилибизди азыркыдай катаал атаандаштыкта, ата-бабалардан мурас кылган ыйык таберик катары урпактарга улантабыз, андан ары өнүктүрөбүз десек, кыргыз тилин заманбап технологияга шайкеш сүрмөлөп, анын мүмкүнчүлүктөрүн ар тараптуу пайдаланууга баш отубуз менен киришүүдөн башка аргабыз жок» дейт.

Биз кеп кыла турган сөз энергетика факультетинде кыргыз тилинин абалы жөнүндө болмокчу. Мен бул факультетте 1965-жылдан ушул мезгилге чейин эмгектенип келе жатам. Өткөн кылымда бардык өндүрүш жумуштары, иш кагаздар, билдирүүлөр, статистикалык маалыматтар орус тилинде жүргүзүлгөн жана орус тилине артыкчылык берилген эле, б.а. 85-90 % ушул тилде болгон. Алыскы айылдарда гана окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн, бирок тоо арасындагы айылдарда орус тил мугалимдери жетишсиз эле. Жогорку окуу жайларда сабактар көп учурда орус тилинде жүргүзүлүп, “эгерде окууга өтүп калсак, кандай болот?”- деген түйшөлдүрүүчү ойлор пайда боло берчү.

Окууну аяктарда энергетик болом деген максатты коюп, Фрунзедеги политехникалык институтту тандаган элем. Бардык сабактар орус тилинде өтүлүп талаптар өтө күчтүү эле. Эң эле оор болгон сабактар – чийме геометриясы жана Советтер Союзунун коммунисттик партиясы тарыхы эле. Чийме геометриясы сабагынан жазуучу Өскөн Даникеев ошол учурда кафедрада жалгыз кыргыз мугалим эле. «Тил азабы - көр азабы» дегендей көп кыйынчылыкка дуушар болгонбуз. Ал учурда ФПИде кыргыз тили боюнча окутуу жөнүндө сөз да болчу эмес, себеби көп тайпаларда 25 студенттин ичинен кыргыз балдар- кыздардын саны 5-6 ашчу эмес.

Биз экинчи курста окуп жүргөндө окуу проректору ф-м.и.к доцент **Р. Усубакунов** жогорку математика боюнча кыргыз тилинде окуу китебин түзгөн эле. Бирок бул китеп жетекчилер тарабынан өтө курч тескери кабыл алынып агай кызматынан кетүүгө мажбур болгон. Көп студенттер сабактардын оордугунан, тилди начар билгендиктен окууларын таштап кетүүгө туура келген.

«Тил тагдыры эл тагдыры», дегендей кыргыз тилин кайра жандандыруу кыргыз мамлекети өз эгемендүүлүгүн алгандан кийин, тил мамлекеттик аталуусуна ээ болгондон кийин иш жүзүнө ашты десек болот. Энергетика факультетинде кыргыз тили боюнча сабактарды окутуу 1996 – жылы башталган. Кыргыз тайпасы түзүлүп жалпы инженердик сабактар кыргыз тилинде окутула баштаган. Бирок, бардык жумуштар шайма-шай кетти дегенден алыспыз. Аны ишке ашырыш үчүн көп алдын – ала даярдыктарды жүргүзүш керек болду: кыргыз тилине сабак өтө турган мугалимдерди тандоо жана аларга көрсөтмө берүү; терминологиялык сөздүктү түзүү; лекцияларды, усулдук көрсөтмөлөрдү кыргызча түзүү жана басмакана аркылуу чыгаруу; жумуштагы аткарыла турган иш кагаздарын кыргызча түзүү ж.б. Окуу процессинде лекция жана бөлөк усулдук көрсөтмөлөрдү түзүү үчүн орус терминдерин кыргыз тилине шайкеш маанилерин табуу керек эле. Алгачкылардан болуп академик **К.К. Юдахин** түзгөн **орусча – кыргызча** сөздүгүнүн кайра басмаканадан чыгышы чоң өбөлгө түздү. Ушунун негизинде кыргыз тилинин өнүгүшүнө кайдыгер карабаган окумуштуулар, инженерлер жана жөнөкөй адамдар терминдерди иштеп чыгышып, талкуулап, толукташып алгач газета беттеринде сунуш кыла баштады.



Ошолорго кыскача токтоло кетейин. **Карыпбек Курманалы уулу** убагында “Техник” басма борборунун директору, Полиграфия кафедрасын башчысы болуп өмүрүнүн аягына чейин эмгектенген. Карыпбек Курманалы уулу бул багыт боюнча көп иштерди жасады, китептерди, усулдук көрсөтмөлөрдү, сөздүктөрдү (Орусча-кыргызча техникалык сөздүк; Окуу жайларда иш кагаздар нускасы ж.б.) түзгөн. Карыпбек Курманалы уулунун мамлекеттик тилди өнүктүрүүдөгү салымы абдан чоң десек жаңылышпайбыз.



Дагы бир чоң жаңылык 2018-ж. т.и.д. профессор К.Алымкулов, т.и.д. проф. Ж.Усубалиев ж.б. авторлор түзгөн **«Жалпы техникалык орусча – кыргызча сөздүгү»** болуп эсептелинет. Ошондой эле Назаров С.О.**«Техника»** энциклопедия сөздүгүн, Тургунбаев Ж.Ж., Садиева А.Э. «Иллюстрированный словарь по теории механизмов машин», Батырканов Ж.И. “Автоматика” боюнча сөздүк түзүшкөн.

К. Алымкуловдун **«Энергетика боюнча орусча – кыргызча сөздүгү»** кыргыз тилин иш жүзүндө лекцияда, усулдук көрсөтмөлөрдө колдонууда чоң жол ачты десек жаңылышпайбыз. Ошондой эле энергетика факультетинде кыргыз тилинде сөздүктү түзүү боюнча биринчилерден болуп т.и.д. проф. **Апышев Ж.А.** баштаган.жана жалпы фундаменталдык билимдер боюнча окуу куралдарын түзгөн.

Кыргыз тилинде окуу китептерди, усулдук көрсөтмөлөрдү даярдап жана басып чыгаруу боюнча көп кыйынчылыктар болду десек жаңылышпайбыз. Алар төмөнкүлөр: кыргыз тили боюнча окуу куралдарды даярдоодо иштердин көлөмдүк ченинин мурдагыдай калышы, электр энергетика боюнча атоолорду толук такталып бүтө электиги; орусча китептерди колдонуп жазууда теңдемелердин, сүрөттөрдүн түзүлүштөрүнүн кыргыз жана орус тилинде дал келтирүү кейгейлөрү; кыргызча электроэнергетика боюнча жазылган адистик бүтүрүү иштеринин, дипломдук долбоорлордун, илимий долбоорлордун аздыгы.

Бирок, «Кыбыраган кыр ашат» дегендей, алгачкы жылдагы абалдарга салыштырмалуу кыргызча окутуунун абалы бир канча алдыга жылды. Айта кетсек, кыргыз тилинде окуй турган тайпанын жыл сайын түзүлүшү (энергофак боюнча), окуу куралдарды түзүү жана чыгаруунун калыптанышы, мугалимдердин профессионалдык деңгээлдеринин жогорулашы.

Бул жогоруда аталган жумуштарды ишке ашырууда университетибиздин жетекчилери чоң колдоо көрсөтүп, жыл сайын кыргыз тилин өнүктүрүүнүн абалын Окумуштуулар кеңешинде талкууланып, жыйынтык чыгарылып, ар кандай иш-чаралар иштелип чыгып кыргыз тилин өнүк-

түрүү жана колдонууга кеңири жол ачылып жатат.

**«Тилди жоготуу – элди жоготуу»**, деп бекер айтылган эмес, ошондуктан тилди өнүктүрүү, өстүрүү, колдонуу кыргыз элинин жүрөгүндө болушу зарыл.

***Суеркулов Манас Асанбекович*** *– т.и.к. профессор, Кыргыз тил коомунун төш белгисинин ээси, КР билимине эмгек сиңирген ардагер.*

## ЭНЕ ТИЛИМ МЕНИН КҮЧТҮҮ УРААНЫМ

Кылымдардын кыйла тобун карыткан
Кыргыз тили-эне тил деп табылган
Улуу тарых учун кайрып карасак
Кыргыз тили өчүрүлбөйт тарыхтан

Ата-бабам ушул тилде сүйлөгөн
Манас ата ынтымакка үндөгөн
Баатырлары душмандардан коргошуп
Эне тили эркиндикте гүлдөгөн

Эне-Сайдын жээги менен аккан тил
Кылыч сымал кыйлаларды чапкан тил
Ажо Барсбек жеңиш менен кайткан тил
Эне тилим дайра сымал аккан тил

Кыргыз тилим элим берген адабият
Эне тилим өзгөчө бир маданият
Өлкөбүздүн өздүк тили аталып
Кыргыз тил улуу тил деп саналат

Эне тилим менин күчтүү урааным
Жаным менен кошо бүткөн куралым
Тепсетпейбиз, душмандарга башкага
Кыргыз тилин сүйүү, коргоо менин антым

Кыргызымдын кыз-уланы билгин сен!
Тилибиздин келечеги абдан кең
Дүйнөнүн төрт бурчуна жайылтып
Элдерге үйрөт Кыргыз тилин билбеген

Кыргыз тилин урматтайлы, сыйлайлы
Эне тилди даңазалап, данктайлы!
Башка тилде сүйлөсөк да , жазсак да
Эне тилди унутпайлы, барктайлы!



***Кубанычбек кызы Бегимай – МТФ, ИБ(б)-1-19-тайпасынын студенти***

# ТИЛ ТАРЫХЫНА КӨЗ ИРМЕМ: СТУДЕНТТЕРГЕ ТААЗИМ



Тил маселеси боюнча мындан 30 жыл мурда болгон окуяны айтып берейин. 1989-жылы сентябрь айында Фрунзе политехникалык институтунун 1-курсунун студенттери, жылдагыдай эле, Чоң-Кеминде картөшкө терүү жумушунда жүргөнбүз. Ал убакта чарбанын картөшкөсү дээрлик студенттердин жардамы менен терилчү. Инженердик-курулуш факультетинин студенттери



***Штабдын мүчөлөрү картөшкө талаасында (солдон оңго Омурбеков Э.А., Михайлов А.В., Сейдакматов Ж., Сыдыков Т.С., Тургумбаев Ж.Ж., Саткыналиев Т. Т., атка минген - Абылкасымов Т.)***

Калмак-Ашуу айылында жайгашканбыз. Терүү жумуштарын иреттүү аткаруу максатында окутуучулардын катышуусунда штаб түзүлгөн. Мен штабдын башчысы элем. Көптөгөн жылдар бою көндүм болгон жумуштар өз багытында жүрүп жатты.

Ошол учурда өлкөбүздө кыргыз тилин мамлекеттик тил статусуна айландыруу боюнча кызуу талкуу жүрүп жаткан. Советтер Союзунун көптөгөн республикалары (жаңылбасам биздин республикадан башкалары) мындай статусту закон катары өздөрүнүн парламенттеринде кабыл алып койгон эле. Коомдо ушул маселени биздин парламент чече алабы деген суроо орун алган. Каршы пикирде болгон «киргиздер» да арбын эле, анын үстүндө биздин мамлекеттин үлкөн чиновниктеринин чечкиндүүлүк деңгээли минус белгисинде эле.

Студенттер арасында суроолор пайда болуп, «Качан кыргыз тили мамлекеттик тил болот?», «Биздин Жогорку Совет (ал убакта парламент ушинтип аталчу) ушундай закон алганга алы жетеби?» - деген суроолорду бере баштады. Өлкөбүздө ишкана-мекемелерден жана коомдук уюмдардан Жогорку Советтин Президиумуна кыргыз тилин мамлекеттик тил кылууга чакырган каттар жөнөтүлө баштады. Штабдын мүчөлөрү кеңешип, биз дагы студенттердин атынан кат жөнөтөлү деп чечтик, эң аз дегенде студенттердин жарымы кол коюп берет деп ишендик (кыргыз улутундагы студенттер жалпы санынын 67 процентин түзгөн). Эртең менен катар турган студенттердин алдында сөз сүйлөдүм. Жакында Жогорку Советтин жыйынында кыргыз тилине мамлекеттик тил статусун берүү суроосу каралат экен. Биз дагы өзүбүздүн пикирибизди билдирип, студенттердин атынан колдоо катын жөнөтсөк кантет деген мааниде. Алдын ала штабдын мүчөлөрү кол койгон колдоо катты окуп берип, эми силер аты-жөнүңөрдү көрсөтүп, кол коюп берсеңер болот деп кагазды ортодо коюлган столго койдум.

Айланада тынчтык орноп, бир аз убакыт түнжуроо өкүм алды. Ошол убакта ар бир студент өз алдынча ойлонуп, чечим чыгарууга даярданып жатты. Убакыт мага өтө созулуп кеткендей болду. Студенттерди да түшүнсөк болот. Биринчиден, алар жаңы эле кирүү экзамендерин тапшырып студент болушту. Бири-бири менен жакшылап тааныша элек, коллективдүү пикирлери жок. Кол кою кесепетинен институттан чыгарып коюу коркунучу да бар эле. Экинчи жагынан, ичинде кайнап жаткан патриоттук сезим, тилдин, улуттун келечеги ойлонтуп жатты. Тынчтыкка чөмүлүп күтүп жаттык…

Аңгыча, катардан бир кыз суурулуп чыгып, ортодогу столго карай басты. Ал башын жогору көтөрүп, кадамын ишенемдүү шилтеп, жоопкерчиликтүү жана татыктуу миссия жасай турганын билдирип, колдоо катына кол койду. Бул студент кыз - Мамбетова Рахат Шергазиевна эле (атын эстеп калгам). Бир аздан кийин экинчи студент келип колун койду. Андан кийин биринин артынан бири келип, кол коюп жатышты. Аягында бардык студенттер колдорун коюшту.

Эртеси күнү колдоо катты Жогорку Советтин Президиумунун кабылдамасына тапшырып, «алдым» деп кол койдуруп алдык. Көп өтбөй парламент мамлекетик тил законун кабыл алды. Сүйүнгөнүбүзгө чек жок эле. Кол койгондор өзгөчө канааттандык, мамлекеттик тил мыйзамын алганга өз үнүбүздү кошконбуз деп.

Ошол мезгилде тайманбаган, патриот студенттерге таазим.

***Ж.Ж.Тургумбаев, профессор***

# ФПИ-КМТУНУН 65 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИНЕ УЛАЙ

КМТУнун Өнүгүү жана мамлекеттик тил боюнча проректору, урматтуу **Бекжан Төрөбекович Төрөбековду** **“Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери”** ардактуу наам алышы менен чын жүрөктөн куттуктайбыз!

Сиз окуу процессин жана илимий ишти айкалыштырган көп жылдык өзүңүздүн бай практикалык ишмердүүлүгүңүздү, жетекчилик жана илимий тажрыйбаңызды билим берүү тармагында жаш муундарга үйрөтүп келесиз.



Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 7 илимий гранттарынын жетекчиси жана аткаруучусу болуп илимий жана усулдук изилдөөлөрүңүздүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасын, унаа тармагын өнүктүрүү боюнча программдык документтерге киргизилген.

Сиздин бай иш тажрыйбаңыз, адамдык бийик сапаттарыңыз жогорку баага ээ. Сизге бекем ден соолук, узак өмүр, үй-бүлөңүзгө бакыт, илимий иштериңизге зор ийгиликтердин жарала беришин каалайбыз! Сиздин басып өткөн илимдеги жолуңуз жаңы муунга сабак жана үлгү.

***И.Раззаков атындагы КМТУнун жамааты***

---



«Электр энергетикасы» кафедрасынын башчысы, профессор Телеген Джунуевди чын жүрөктөн ***70-жылдык юбилейи менен*** куттуктайбыз!

**Урматтуу Телеген Джунуевич!**

Сизди 70 жаш кутман курагыңыз жана көп жылдык байсалдуу илимий жана илимий – коомдук эмгек жолуңуз менен чын жүрөктөн куттуктайбыз!

Сиздин мектебиңизден таалим алган шакирттериңиз республиканын жогорку окуу жайларында жана республиканын энергетика тармагында эмгектенүүдө.

Сиздин жеке демилгеңиз жана түздөн-түз катышууңуз боюнча «Политех» окуу полигонунун курулушу аяктаган жана жаңы окуу лабораториялары түзүлдү. 60тан ашык усулдук жана илимий эмгектердин автору болуп, аспиранттарга жана изденүүчүлөргө жетекчилик кылып, бир нече илимдин кандидатын даярдап чыгардыңыз.

Маарекеңиз кут болсун! Сизге чын ден соолук, узак өмүр, үй-бүлөңүзгө бакыт-таалай, илимий иштериңизде ийгиликтер жарала беришин каалайбыз!

***И.Раззаков атындагы КМТУнун жамааты***

---



«Мээнети кайтпас эмгеги жок» демекчи, жалпы эмгек жамааты кадырлап-сыйлап, сыймыктанган эжебиз Маалыматтык технологиялар факультетинин деканы **Кабаева Гулнара Джамалбековнаны** кутман курагы менен куттуктайбыз!

Сиздин көп жылдык жемиштүү эмгек жолуңуз, илимий бай тажрыйбаңыз, ишмердүүлүгүңүз жаш муундарга татыктуу билим жана тарбия берүү менен байланыштуу. Сиз окуу процессинде, илимий-изилдөө иштеринде жана жетекчилик ишиңизде талыкпай эмгектенүү менен республиканын жогорку окуу жайларынын өнүгүүсүнө абдан зор салым коштуңуз.

Учурда дагы көптөгөн жаңы илимий, илимий-методикалык иштердин үстүндө жигердүү эмгектенүүдөсүз.

Биз Сизге чын жүрөктөн чың ден соолук, мындан ары да чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз!

---



От чистого сердца поздравляю коллектив КГТУ от имени преподавателей Центра изучения турецкого языка ТОМЕР с 65-летним юбилеем!

Второй год наши преподаватели учат студентов Политеха турецкому языку, культуре, традициям турецкого народа. Хочу выразить особую признательность профессорско-преподавательскому составу университета за творческий подход к благородному делу и бережное отношение к молодежи.

Желаю вам крепкого здоровья, счастья, благополучия и творческого долголетия вам, преподаватели! А студентам удачи на экзаменах и уверенных шагов в будущем!

***Директор Центра изучения турецкого языка ТОМЕР Ахмет Гозубол***



В этот первый месяц осени КГТУ отмечает 65-летие со дня своего основания. За эти 65 лет КГТУ прошёл нелегкий путь, столкнулся с многочисленными трудностями, но все же сумел реализоваться как один из самых лучших вузов Кыргызстана. Класс Конфуция, в свою очередь, также предпринял позитивные усилия по изучению языка и культуры между студентами Китая и Кыргызстана, также по обмену студентами.

В связи с 65-летним юбилеем КГТУ, от имени Класса Конфуция, преподавателей и волонтеров искренне хочу пожелать этому прекрасному университету, флагману технического образования в Кыргызстане дальнейшего процветания и благополучия!

*Директор Института Конфуция в Кыргызстане Чжан Щицай*

Бишкек шаары, Ч. Айтматов көчөсү, 66.
Мамлекеттик тил бөлүмү, 0312 54 51 22
*Башкы редактору* **Б.Т. Төрөбеков** – КМТУнун өнүгүү жана мамлекеттик тил боюнча проректору.
*Редактордун орун басары*
**Ч.М. Асанбекова** – мамлекеттик тил бөлүмүнүн адиси.
Дизайнери **М.Кадыров.**
Сүрөтчүсү **И. Молдалиев.**
*Басууга 16.09.2019-ж. кол коюлду.*